Орто кесиптик билим берүү бөлүмү – Ж. Баласагын атындагы КУУнун Ош шаарындагы гуманитардык-табигый илимдер факультетинин орто кесиптик билим берүү бөлүмү болуп саналат.

Орто  кесиптик билим берүү бөлүмү адистиктери боюнча 080110 “Экономика жана бухгалтердик эсеп”, 080106 “Финансы”, 030503 “Укук таануу”, 230109 “Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо”, 050704 “Мектепке чейинки билим берүү”, 230109 “Башталгыч класстарда билим берүү” адистерди даярдоодо окуу процессин үзгүлтүксүз жүргүзүү менен окуу-усулдук, илимий изилдөө жана окуудан тышкары иштерди алып барат.

Орто кесиптик билим берүү бөлүмүндө окуу процессин жогорку денгээлде, сапаттуу камсыз кылуу максатында жалпысынан 62 окутуучу эмгектенет. Анын ичинде 4 эл агартуунун отличниги, 4 билим берүүнүн отличниги, 1 маданияттын мыкты кызматкери бар. Бүгүнкү күндө бөлүмдүн координатору Макамбаева Айзада Бактыяровна жетектеп келет.



Орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн негизги максаты:

- Орто кесиптик билим берүү аркылуу инсанды интеллектуалдык, маданий жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга карата муктаждыктарын канааттандыруу;

Орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн негизги милдеттери:

- Жаштардын илимий, руханий жана чыгармачылык мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу максатында окутуунун жаңы технологияларын пайдалануунун заманбап ыкмаларын иштеп чыгуу;
- Профессордук-окутуучулук курамдын окуу-усулдук ишмердүүлүгүн өркүндөтүү;

Бөлүмдүн окутуучулары шаардык жана республикалык, бөлүмдүн, факультеттин, колледждин иш-чараларына, ошону менен бирге регионалдык, республикалык жана эл аралык деңгээлдеги илимий конференцияларга активдүү катышып келет.



Студенттердин илим-билимге болгон кызыгуусун арттыруу максатында студенттердин илимий-практикалык конференциялары жана түрдүү маданий-массалык иш-чаралар үзгүлтүксүз өткөрүлүп келет.

